АК-ТАЛАА РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

БЕРДАЛЫ КАЛЕНДЕРОВ
АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

инд. 722515
Чолок-Кайын айылы
Көчөк көчөсү №20
тел, факс:
ИНН:01711200410145

АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ

СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ
БЕРДАЛЫ КАЛЕНДЕРОВА

инд. 722515
Чолок-Кайын айылы
Көчөк көчөсү №20
тел, факс:
ИНН:01711200410145

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

1-сентябрь. 2022-жыл № 13 Чолок – Кайын айылы

Б.Календеров атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык кеңеш түзүү жөнүндө

Б.Календеров атындагы орто мектебинде кылмыштуулукту алдын алуу, зордук – зомбулукту болтурбоо боюнча профилактикалык кеңеш түзүүгө буйрук кыламын.

1. 2022-2023-окуу жылына карата кылмыштуулукту алдын алуу кеңеши мыйзамга ылайык төмөндөгүдөй түзүлсүн.
   1. Кенеева Г – убактылуу директордун милдетин аткаруучу , профилактикалык кеңештин төрайымы
   2. Артыков У - окуу бөлүмүнүн башчысы, кеңештин орун басары
   3. Разакулова К - мектептин уюштуруучусу, кеңештин катчысы
   4. Касымова Ж – кесиптик бирликтин төрайымы, мүчөсү
   5. Асаналиева Н – улуу мугалим, мүчөсү
   6. Асанбекова А – айыл өкмөтүнүн соцкызматкери, мүчөсү
   7. Ибраимова Н – Аялдар кеңешинин төрайымы, мүчөсү
   8. Итикулов К – дене-тарбия мугалими, мүчөсү
2. Мектепте кылмыштуулукту алдын алуубоюнча профилактикалык кеңешин түзүүнүн максаты, милдеттери , ишмердүүлүгү жана функциясы боюнча Кенештин мүчөлөрүнө түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
3. Мектептин алдын алуу боюнча профилактикалык кеңешине тийешелүү иш кагаздар жүргүзүлсүн.
4. Мектепте түзүлгөн кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча профилактикалык кеңеши мектеп, ата-энелер, окуучулар менен тыгыз байланышта иш алып баруусу тапшырылсын.
5. Бул буйруктун аткарылышын жана көзөмөлгө алууну мектептин уюштуруучусу К. Разакуловага жана соцпедагог Н. Курманалиевага тапшырамын.

Убактылуу директордун милдетин аткаруучу: Г.Кенеева

Макулдашылды: У. Артыков
К. Разакулова
Н. Курманалиева

Аткарууга жиберилди : мектептин иш кагаздарына, У. Артыковго, К. Разакуловага, Н. Курманалиевага.

Бекитемин:

Алдын алуу кеңешинин

төрайымы_________________Кенеева.Г

Окуучулар арасында кылмыштуулукту болтурбоо максатында Б.Календеров атындагы орто мектебинде түзүлгөн **Алдын алуу кеңешинин**

2022-2023-окуу жылы үчүн иш планы.

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Кеңештин отурумун өтүү | 1-чейрек ичи | Алдын алуу кеңеши |
| 2 | Соц.категориялар боюнча маалымат берүү | Сентябрь | Соц.педагог |
| 3 | Денсоолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендердин күнүн өткөрүү | Декабрь | Соц.педагог |
| 4 | “Биз баарыбыз башкабыз, бирок бирдейбиз” тренинг | декабрь | соцпедагог |
| 5 | Кеңештин отурумун өтүү | 2-чейрек | Алдын алуу кеңеши |
| 6 | Баланын укугу жана милдеттери | январь | Уюштуруучу |
| 7 | Кенештин отурумун өтүү | 3-чейрек | Алдын алуу кеңеши |
| 8 | Кылмыштуулукту болтурбоо | Ай сайын | Класс жетекчилер |
| 9 | Кенештин отурумун өтүү | 4-чейрек | Алдын алуу кеңеши |

Социалдык педагог: Курманалиева Нуржан

Бекитемин:
Убактылуу директордун
милдетин аткаруучу__________________Кенеева .Г

Б.Календоров атындагы орто мектеби.
Жалпы билим берүүчү мекемедеги профилактикалык Кеңештин Жобосу.

. **1.Жалпы болүм**
Профилактикалык Кеңеш Баланын укуктары жонүндо Кеңешинин "Кыргыз Республикасында укук бузууга каршы профилактикалык иштерди жүргүзүү" жонүндо №82 23-июнь 2005-жыл КР Мыйзамынын негизинде түзүлгөн.
**2.Максаты жана иштин мазмуну**.
Профилактикалык Кеңештин негизги максаты болуп:
-Укук бузууга,селсаяктыкка жана өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугуна каршы профилактикалык иштер:
-Окуучулардын укуктук маданиятын жана мыйзамдуулук мүнөздүн негиздерин калыптандыруу:
-Баланын укуктарын коргоо:
2.2.Кеңештин мүчөлөрү мектептин укук бузууларга каршы жүргүзгөн иштерине катышат
2.3.Профилактикалык Кеңеш коомдук башкаруу уюму катары рекомендациялык мүнөздөгү чечим кабыл алат жана бул боюнча мектеп жетекчилиги мектеп боюнча буйрук чыгара алат.
**3.Профилактикалык кеңештин мүчөлүгү**.
3.1.Профилактикалык кеңеш мектеп администрациясынын,мугалимдер коллективинин,ЖӨИИ кызматкерлеринин,мугалим уюштуруучулардын,коомчулуктун,коомдук-профилактикалык борборлордун (айыл-өкмөттөрдүн) ата-энелердин,жогорку класстын окуучуларынын ,ата-энелер комитеттеринин өкүлдөрүнөн түзүлөт.
**4.Профилактикалык Кеңештин структурасы**.
4.1. Профилактикалык Кеңеш ачык добуш берүү аркылуу төрагасын (төрайымын) ,орун басарын,катчысын,комиссия мүчөлөрүн шайлайт.
4.2. Профилактикалык Кеңештин комиссиялары:
-"Оор мүноздөгү" үй-бүлөлөр менен иштөөкомиссиясы үй-бүлөлүк,жаш өспүрүмдөрдүн укуктарын сактоо,балалыкты социалдык жактан коргоо маселелерин чечет.
-"Оор мүнөздөгү"балдар менен иштөө комиссиясы тартип,окуу,окуу программасын уюштуруу,укук бузууну профилактикалоо,селсаяктык жана өспүрүмдөр кылмышына каршы,окуучулардын жайкы иштөө жана эс алуусу маселелерин чечет.
-Укуктук комиссия өспүрүмдөр арасындагы укук бузууга жана кылмыштуулукка каршы тийиштүү сунуш, иш кагаздарын иштеп чыгат,профилактикалык Кеңештин комиссияларынын ишин координациялайт,БИК,ЖӨИИ,балалыкты жана үй бүлөнү коргоо бөлүмдөрү менен байланышты түзөт.
**5.Профилактикалык Кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу.**
5.1. Профилактикалык Кеңеш өзүнүн отурумун эреже боюнча айына бир жолу өткөрүп турат же шашылыш болсо кезексиз өткөрсө болот.
5.2. Профилактикалык Кеңештин чечими көпчүлүк добуштун кеминде 2-3 мүчөлөрүнүн добушу менен кабыл алынат.
5.3. Профилактикалык Кеңеш мектеп жетекчисинин макулдугу менен Кеңештин отурумунда кабыл алынган иш план менен иштейт.
5.4. Профилактикалык Кеңеш ар бир отурумуна токтом жазып турат.

5.5. Профилактикалык Кеңештин отурумундагы алты адамдан турган Президиум иш алып барат.

**6.Профилактикалык Кеңештин жана мүчөлөрүнүн функциялары.**

6.1. Профилактикалык Кеңеш укуктуу:

-Кеңештин кароосуна селсаяктыкка,укук бузууга,өспүрүмдөр ишине байланыштуу чечилүү маселелерди талкууга коёт.

-Кеңештин отурумуна окуучулар арасында укук бузууга кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жакшыртуу максатында окуучуларды,алардын ата-энелерин жекече сүйлөшүүгө чакырат

-Окуучулардын жүрүш-турушу,үй-бүлөдөгү тарбиялоосу,окуучу жаңы маалыматтарды мугалимдерден алат

-Укук бузуунун жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мугалимдердин билдирүүсүн кабыл алат

6.2.Профилактикалык Кеңеш милдеттүү:

-Мугалимдерге,ата-энелерге жана окуучуларга Кеңештин ишин маалымдоо

-Кеңештин иши боюнча жогорку органдарга маалымат берип турат

**7.Профилакикалык Кеңеш тарабынан колдонулуучу чаралар:**

7.1. Жаш өспүрүмдөргө:

-Эл алдында же жеке жабыр тарткан тарапка кечирим суратуу

-Мектеп учетуна тургузуу,мектеп жетекчилиги талап кылат.

-Эскертүү берүү

-Сөгүш же катуу сөгүш жарыялоо

-БИКге сунуш берүү

-ЖӨИИга сунуш берүү

7.2. Жаш өспүрүмдөрдүн ата-энесине:

-Мектеп жетекчилигинен талап кылат

-Ата-энесин педагогикалык Кеңешке чакыруу

-БИК ге сунуш берүү

-Ата-энелерге чара колдонуу боюнча РИИБге билдирүү

**8.Чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөөнүн формалары:**

-Кеңеште карала турган мектеп,ЖӨИИ нин учетундагы өспүрүмдөрдүн үй бүлөлөрүнөизилдөө жүргүзүү

-ЖӨИИ сы коомчулук менен бирдикте рейддерди жүргүзүү

-Оңолуу жолуна байланыштуу өспүрүмдөрдүн өзүн угуу

-Укук бузуунун жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча бекитилген жоопту адамдар тарабынан жекече көзөмөлдөө

**9.Профилактикалык Кеңештин иш кагаздарынын номенклатурасы.**

-Мектеп директорунун буйругу менен Кеңештин иш кагаздарын түзүү

-Окуу жылы үчүн түзүлгөн иш план

-Отурумдун токтомдору

Уюштуруучу: Разакулова.К.

Соц.педагог: Курманалиева.Н.

Б.Календеров атындагы орто мектебинин алдында түзүлгөн алдын алуу кеңешинин

Протоколу№4

Катышканы 7

Катышпаганы 1

Себептүүсү 1

Өтүлгөн күнү: 22-декабрь 2022-жыл

Каралуучу маселелер:

1.Мектепте зордук зомбулукту,кылмыштуулукту болтурбоо максатында өткөрүлүп жаткан иш-чаралар жөнүндө соц.педагог Курманалиева Нуржан билдирүү берет.

2.Алдыда жаңы жыл майрамына карата иш чаралар боюнча уюштуруучу Разакулова Кундуз билдирүү берет.

Биринчи маселе боюнча Курманалиева Нуржан: Мектепте зордук-зомбулукту,кылмыштуулукту,рекетчилдикти болтурбоо максатында алдын алуу иштери жүргүзүлүп атат.Класс жетекчилер ата-энелер чогулушун өткөрүштү.Балдар жыйналышы,кыздар жыйналышы өткөрүлүп окуучуларга кылмыштуулук боюнча лекция окулду.Түнкү рейдке чыгып атабыз.Мындан кийин көчөдө жүргөн балдарды катуу көзөмөлдөйбүз.9-10-11-класстардын балдарынан ананимдүү түрдө анкета алынды.Анкета мектепте налог салуу барбы деген суроого баардыгы тең эле жок деп жооп беришиптир эгер болсо жок дегенде бир эки бала бар деп жазмак болуш керек деп ойлойм.

Экинчи маселе боюнча Разакулова Кундуз: Майрам күндөргө карата,жылдыктар боюнча ар кандай буйруктар келип атат.Анын баарын класс жетекчилер менен биргеликте аткарып атабыз.

Жаңы жыл боюнча түнкүсүн көчөгө чыгарбоо,жаңы жылды мектепте тоспоо жөнүндө буйрук келди.11-класстар арасында чакан концерт өткөрүлөт.Тарбия саатын негизинде өткөрүлөт.Эч ким эч кимге белек беришпейт.түнкү рейддер,дежурлар турат.График түзөбүз.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш токтом кылат:

1.Кылмыштуулук боюнча окуучуларга кенен түшүнүк берүү.Курманалиева Нуржанга милдеттендирилсин

2.Жаңы жыл майрамында окуучуларга көзөмөлдүк кылуу,майрамды өткөрүү Разакулова Кундузга тапшырылсын

Отурумдун төрайымы: Кенеева Гүлнара

Катчысы: Курманалиева.Н

Б.Календеров атындагы орто мектебинин алдында түзүлгөн алдын алуу кеңешинин отурумунун

Протоколу №1

Өтүлгөн күнү: 17.09.2022-жыл

Катышканы: 7.

Катышпаганы: 1

Себептүүсү: 1

Себепсизи жок.

Отурумдун жүрүшү:

Каралуучу маселелер:

1.Окуучулардын кечкисин эшикке чыгуусу

2.Соц.категориялар боюнча маалымат берүү

Кенеева Гүлнара: Урматтуу кесиптештер жана келген коноктор саламатсыздарбы.Окуу жылын ийгиликтүү баштап алдык го деп ойлойм.Сабактан буга чейин себепсиз калтырган окуучулар болгон жок.Кечиккен окуучулар справка менен келишти.Баардыгы окуучулар окуучулук форма менен экен бул үчүн ата-энелерге рахмат айтабыз.

Разакулова Кундуз:Бүгүнкү күнгө сабакты себепсиз калтырган,одоно тартип бузган окуучулар деле жок деп айта алам.Эч кандай тартип бузуулар катталган жок.Бирок ошентсе дагы балдарыбыздын коопсуздугу үчүн окуучуларды кечкисин көчөгө чыгуусун жакшылап көзөмөлдөшүбүз керек жана ар бир ата-энеге милдеттендиребиз.

Курманалиева Нуржан: Быйлкы окуу жылына биздин мектепте социалдык карталар боюнча маалымат берсем:

1.Жалпы мектепте 514 окуучу окуйт.

2.Томолой жетим окуучу жок

3.Жарым жартылай 20 окуучу.

4.Камкордукка алынган 4 окуучу

5.Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 8 окуучу

Бул окуучуларга аяр мамиле кылып,дене тарбия сабагынан женилдетип тапшырма берилиши керек.

Ата-энелерин дагы сабактарга катыштырып өзүлөрүнүн аткара алышынча тапшырмаларды берүүбүз зарыл деп ойлойм.Тынымсыз аңгемелешүү болуп турсун. Балдарыбыздын тартибине,тазалыгына көбүрөөк көңүл бөлөлү.

Отурум токтом кылат:

1.Кечкисин балдарды көчөөгө чыгарбоону ата-энелерге класс жетекчилер милдеттендирсин.

2.Окуучулар менен тыгыз иш алып баруу,ата-энелер менен байланышта болуу камсыз кылынсын.

Отурумдун төрайымы: Кенеева Гүлнар

Катчысы: Курманалиева Нуржан